КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ
ЫСЫК-АТА РАЙОНУ
КЕНЕШ ОРТО МЕКТЕБИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
МИНИСТЕРСТВО
ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ
ЫСЫК-АТИНСКИЙ РАЙОН
СРЕДНЯЯ ШКОЛА КЕНЕШ

725016. Кыргыз Республикасы
Кенеш а., Т.Осмонов көчөсү.н/ж
тел.:(03132)6 43 35

725016. Кыргызская Республика
с.Кенеш, улица Т.Осмонова.б/н
e-mail:kenesh-school@mail.ru


“ 8 ” 07 2020 ж

№ 147

"Кеңеш" орто мектебинде 2019-2020-окуу жылынын жыл ичинде жүргүзүлгөн тарбия иштеринин анализи.

Негизги тарбиялык максат болуп: Окуучуларды нравалык маданаттиятка, патриоттуулукка, кыргыз элинин каада-салттарын сактай билүүгө тарбиялоого жетишүү. Ата –энелер, коомчулук менен тыгыз байланышта иштөө дө азыркы коомдо натыйжалуу иштөөгө жөндөмдүү, жашоодо өзүнүн ордун таба билген ар тараптан өнүккөн инсанды тарбиялоо.

2019-2020-окуу жылынын жыл ичинде тарбия берүү системасында «Кеңеш» орто мектебинде төмөндөгүдөй маселелер чечилди:

Тарбия берүүнүн системасында максаттуу көрсөткүчтөр :

| № | Максатка жооп берген иш-чара | Күтүлүп жаткан жыйынтык |
|---|---|---|
| 1 | Иштин негизги багыттары болуп: Салттуу жалпы мектеп иш –чаралары | Билим берүү, тарбиялоо иш аракеттеринин пайдалуулугун жогорулатуу жана бүтүндүгү үчүн класстан тышкаркы иштерди активдүү түрдө уюштуруу абзел. Окуучулардын адамдык укугу, инсандык укугу , өлкөнүн негизги мыйзамы жана демократия принциптерин өздөштүрүп, ар бир коомдун өзүнө тиешелүү маданий структурасы , баалуулуктары болооруна түшүнүү менен мамиле кылуу, жалпы адамзаттын жана элдин баалуулуктарына маани берип, эл аралык мамилелердин өнүгүшүнө таасир этээрин билүү, ортоктошуп иштөөгө, эл аралык биримдикти, достукту чындоого өз салымыбызды кошуу менен бирге, окуучулардын буларды үйрөнүшүнө шарт түзүү.<br>-«Берекелүү алтын күз» деген темада |

| | | |
|---|---|---|
| | | түшүм майрамын өткөрүүдө мектепте окуган окуучулардын көп улуттулугу эске алынып, ар бир класстарга ар кайсы улут бөлүнүп берилип, анда: 1) улут жөнүндө кыскача баяндама; 2) салты, кийген кийимдери; 3) тамак ашы жана анын жасалыш ыкмалары тууралуу жактап беришти.<br>Окуучуларды нравалык маданиятка, кыргыз элинин каада салттарын пайдаланып манасчыларды жана мамлекеттик тилди даңазалаган ураан-чакырыктар менен иш чараларды жүргүзүп, тарбия берүү. |
| 2 | Жарандык-патриоттук тарбия | Ооганстан Демократиялык Республикасынан Советтер Союзунун аскерлерин чыгарылышынын 31 жылдыгына карата Ысык-Ата РБББнын 3.02.2020-ж. №6 буйругунун негизинде аткарылган иш чара:<br>- 2-10-класстардын класс жетекчилери класстык саатарды өтүштү;<br>- Дилбаян жазуу, сүрөт тартуу сынактары өткөрүлдү;<br>- Кеңеш айылынын Ооганстандагы согушка катышкан ардагерлер менен окуучулардын жолугуусу уюштурулду. Ардагерлер согуш убагындагы окуяларды, согуш мезгилиндеги абалды айтып беришти. Окуучуларга акыл-насаат айтышты.<br><br>5-мартта жыл сайын Ак калпак күнү деп белгилениши жөнүндө Ысык-Ата РБББнын 19.08.2016-ж. №48 буйругунун негизинде аткарылган иш чара:<br>- 5-10-класстын окуучулары дилбаян, рефераттар жазуу, сүрөт тартуу сынагы өткөрүлгөн;<br>- 1-10-класстардын класс жетекчилери класстык сааттарды өтүштү;<br>- 5-10 класстардын эркек балдары мектеп администрациясы менен, мектептен баштап, С.Турдубеков жана Ленин көчөлөрүнөн жөө жүрүш (марш) жасашты.<br><br>Кыргыз Республикасынын Билим берүү |

| | | |
|---|---|---|
| | | жана илим министрлиги жарыялаган 9-май Улуу Жеңиштин 75-жылдыгына арналган “Аталардын эрдигин даңктайбыз” аттуу онлайн фестивалына окуучулар активдүү катышып, төмөндөгү окуучулар министрлик тарабынан диплом менен сыйланышты:<br>- Джоругбаева Арууке 8-класс<br>- Джоругбаев Арсен 5-б класс<br>- Адикова Рахат 5-б класс<br>- Алабачаева Акылай 5-б класс<br>- Бектурсунов Багдан 4-а класс<br>- Токторова Сара 4-б класс<br>- Рустемова Райма 4-б класс<br>- Алабачаева Канышай 4-б класс<br>- Сулейманов Рамазан 3-б класс<br>- Нурдинова Алтынай 3-а класс<br>- Равшанова Анель 3-а класс<br>- Токтогазиева Нургүл 3-а класс<br>- Нурдинова Айдеми 2-б класс<br>- Караева Мариям 2-б класс<br>- Назимова Малика 2-б класс<br>- Орозобаева Адиля 1-б класс<br>- Темирханова Фаима 1-б класс<br><br>“Озон катмары, анын бузулуусунун себептерин күндүн ультра-кызгылт нурлануусунун терс таасирлери жөнүндө маалымат берүү, тааныштыруу жана усулдук көмөк көрсөтүү максатында” Ысык-Ата РБББнын 2.09.2019-ж. №41 буйругунун негизинде аткарылган иш чара:<br>- 9-10-класстардын окуучуларына физика мугалими Тилек кызы Адинай класстык саат өтүп, түшүндүрүү иштерин жүргүздү.<br>- 17.09.2019-ж. Ысык-Ата районундагы Буденовка орто мектебинде мугалимдердин катышуусу менен райондук семинарга мектептин биология мугалими Аксаамаев М.С. жана 10-класстын окуучулары Болотов Сеит, Саатбеков Эрик, Нурбекова Мээрим катышып келишти. |

| | | |
|---|---|---|
| | | Кыргыз тил майрамынын 30-жылдыгына карата 6-класстардын арасында “Акыл таймаш” интеллектуалдык оюнуна “Кеңеш” орто мектебинин жана Молдокулов атындагы орто мектептердин арасында өттү. Таймаштын программасы:<br>- Саламдашуу;<br>- Логикалык ой жүгүртүү;<br>- Билимиңди сынап көр (предметтер боюнча суроолор(;<br>- Билимиңди сынап көр (тарых сабагынан 2 суроо, кыргыз тилинен 2 суроо, кыргыз адабиятынан 2 суроо);<br>- Сыр сандык;<br>- Жаңылмачтар;<br>- Бул ким?<br>- Үй тапшырма. |
| 3 | Спорт ден соолукту чыңдоо тарбиясы ЖСМ | Спорт жана спорттук жетишкендик жөнүндө<br>-Класстан тышкаркы спорттук секциялар – волейбол жана баскетбол боюнча уюштурулуп иш алып барылды (дене тарбия мугалими  сентябрь –май).<br>Окуучулар арасындагы райондук спартакиада:<br>- октябрь айында футбол боюнча катышып, 3-орунду ээлешкен;<br>- ноябрь айында стол үстүндөгү теннис боюнча катышып, 4-орунду ээлешкен;<br>- декабрь айында шахмат жана тогуз коргоол боюнча катышып, 3-орунду ээлешкен;<br>- январь айында волейбол боюнча катышып, эркек балдар 4-орун, ал эми кыздар 3-орунду ээлешкен;<br>- февраль айында баскетбол боюнча катышып, эркек балдар 3-орунду, ал эми кыздар 2-орунду ээлешкен.<br>Мектепте 11 жылдан бери  “Абдыш – Ата” футболдук клубу иштеп, ал эми 2018-жылы ишин токтотту. Бирок, Элеманов Тойчубек Джекшенович машыгууларды өткөрүп жатат.  Кышка чейин футбол стадионунда машыгып ойноошту, кыш мезгилинде мектептин спорт залында |

| | | |
|---|---|---|
| | | машыгышат;<br>Мектеп администрациясы микро-кредиттик компания Мол Булак Финанс менен келишим түзүп 2018-жылдан бери Мол Булак балдардын формасын, топторун каржылап берип турат. Мектептин дене тарбия сабагынын мугалими Токбергенов Эльдияр Ишенкулович балдарды машыктырып, райондук, облустук жана республикалык деңгээлде турнирлерге алып барып катыштырып турат. Алар райондук деңгээлде Туз айылында жана Кеңеш айылында өткөрүлгөн мелдеште 1-орунду ээлеп, кийинки облустук этапка жолдомо алышты. COVID-19 илдетинин жайылуусун алдын алуу максатында спорттук иш чараларга чектөө коюлгандыктан, облустук жана республикалык этаптардын өткөрүү мезгили жылдырылды.<br>"Эркин күрөш" спорттук ийримине катышкан окуучулар таймаштарга катышып келишип, мисалы 6-класстын окуучусу Насыркулов Даниель декабрь айында райондук мелдешке барып 1-орунду, 5-а класстын окуучусу Жаныбеков Шер-Нияз, 6-класстын окуучусу Капарбеков Баатырхан октябрь жана декабрь айында таймаштарга барышып 2-орундарды алып келишти. Январь жана февраль айларында Ысык-Ата районунун Алиаскар Токтоналиев айылында өткөрүлгөн мелдеште, 3-б классынын окуучусу Рафатов Закарийа 1-орунду, 4-а классынын окуучулары Мергенчиев Раат 2-орунду, Марисов Аян 3-орунду, 5-а классынын окуучусу Жаныбеков Шер-Нияз 1-орунду, 2-а классынын окуучусу Равшанов Ислам 1-орунду жана кыздар арасында 4-а классынын окуучулары Абылгазиева Айым 1-орунду, Женишова Бегимай 2-орунду, 7-классынын окуучусу Эркимбекова Хабиба 2-орунду ээлешкен.<br><br>Өздүк изоляция шартында жайкы мезгилди балдардын ден соолугун чыңдоо жана бош убакыттарын пайдалуу өткөрүүсү боюнча |

| | | |
|---|---|---|
| | | онлайн видеороликтердин (челлендж) сынагы жөнүндө Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 29.05.2020-жылдын №406/1 буйругун аткаруу максатында челленджге 4-окуучу катышты:<br>- Азатбек уулу Даулет 9-класс, дзюдо;<br>- Насыркулов Даниель 6-класс, эркин күрөш;<br>- Джоругбаев Арсен 5-б класс, футбол;<br>- Байсалов Эржан 5-б класс, бокс. |
| 4 | Адеп-ахлактык жана эстетикалык тарбия | Религиоздук диний экстремизмдин жайылып кетүүсүнө бөгөт коюу жана эскертүү<br>- Диний экстремизмдин алдын алуу жана бөгөт коюу планы түзүлгөн (сентябрь 2019-ж. Соц.пед);<br>-Ар бир класстын мечитке, медресеге барып намаз окууларга катышуусу изилденди (сент.2019-ж.соц.пед., класс жетекчилер);<br>-Мектептин жалпы ата-энелер чогулушунда диний экстремизм тууралуу кеңири билдирүү.<br>- Эл аралык диний экстремизмдин адам затка келтирилген кырсыктары, коогалаңдары жөнүндө класстык сааттар өтүлдү.<br>-Окуучулардын адептүү, ыймандуу болуп тарбияланышы үчүн мектеп жамааты ата-энелер менен бирдикте иш алпарып турду.<br>-Окуучуларды нравалык маданиятка, кыргыз элинин каада салттарын пайдаланып манасчыларды жана мамлекеттик тилди өнүктүрүүгө көп көңүл бурулду. |
| 5 | Эмгекке тарбиялоо жана кесиптик өзүн аныктоонун негиздери | Окуучуларды эмгекке тарбиялоо мектептин эң негизги маселелеринин бири. 2019-2020-окуу жылында күз айларынын ар бир жуманын ишемби күндөрү атайын «Сен таза болсоң, мен таза болсом, коом таза болот» деген девиздин алдында ишембиликтер өткөрүлүп турулду. Анда: мектептин айлана чөйрөсүн тазалоо, бак |

| | | |
|---|---|---|
| | | дарактарды отургузуу, гүл бакчаларды ирээтке келтирүү ж.б. жүргүзүлдү. Санитардык гигиенаны сактоо негизинде ар бир класстын окуучулары класстарына дежур графиктерин түзүү менен кабинеттердин тазалыктарын камсыз кылып турушту жана ар бир аптада класс-кабинеттерде жалпы тазалоо жүргүзүлүп турду.<br>- 2020-жылдын 16-мартынан мөөнөттөн мурда каникул жарыялангандыктан, жыл өткөрүүлүүчү профориентация онлайн форматта болуп өттү. 9-класстын окуучулары ар кайсы окуу жайлары жөнүндө маалымат берилди. |
| 6 | Ассоциалдык көрүнүштөрдүн алдын алуу | 2019-жылдын сентябрь айында 2-сентябрда «Билим күнүнө» карата салтанаттуу линейка болуп, андан кийин окуу жылынын башталышында окуучулардын «Жолдо жүрүү эрежелерин сактоо» деген темада жол кызматкерлери түшүндүрүү иштерин жүргүзүштү. 12-октябрда окуучулардын ден соолугуна кам көрүү максатында «Тамеки өмүргө зыян» деген темада класс жетекчилер класстык сааттар өтүштү. СПИДке,маляриягa,гепатитке, бруцеллозго, наркоманияга жана башка оорулардын алдын алуу иштери тарбиялык сааттарда,кыргыз тили, орус тили сабактарында жат жазуу иштери алынуу менен жүргүзүлдү. Балдарга карата зомбулуктун, асоциалдык жүрүм-турумдун, кароосуз калуунун, кылмыштуулуктун алдын алуу ,<br>- Сергек жашоо образын пропагандалоо, балдарды жаман адаттардан сактоо,<br>- Окуучуларга жана ата-энелерге өз убагында жана комплекстүү укуктук, социалдык-психологиялык , педагогикалык жардамдарды көрсөтүү,<br>- опурталдуу кырдаалга кабылган балдарга социалдашуусуна, өнүгүүсүнө, окуусуна жардам көрсөтүү мектептин администрациясынын жана класс жетекчилердин негизги милдеттеринин |

| | | |
|---|---|---|
| | | бири. |
| 7 | Окуучулардын мектептик өзүн –өзү башкаруу иши | Сентябрь айында парламенттин түзүмү такталып, 18 окуучудан турган өзүн –өзү башкаруу парламенти шайланды. 5-10-класстын окуучуларынын жардамы менен мектептин президенти 10-класстын окуучусу Нурбекова Мээрим, ал эми премьер министри 10-класстын окуучусу Саатбеков Эрик , окуу министри 10-класстын окуучусу Бейшекеева Камила, ал эми жардамчысы 10-класстын окуучусу Бейшебаева Айжаркын, саламаттыкты сактоо министри 10-класстын окуучусу Насыркулова Алтынай жана жардамчысы 10-класстын окуучусу Джапакова Салтанат, маданият министри 10-класстын окуучусу Усенов Эржан, жардамчысы 10-класстын окуучусу Бакиров Нурсултан, басма сөз министри 10-класстын окуучусу Алабачаева Айжамал, жардамчысы 9-класстын окуучусу Болотов Сеит, каржы министри 10-класстын окуучусу Насыркулова Айсулуу жана жардамчысы 10-класстын окуучусу Турдубекова Дильнас ж.б. Парламенттин мүчөлөрү мектептин иш чаралар өткөрүүдо 1-сентябрь «Билим күнү», 1-октябрь «Карылар күнү», 5-октябрь «Мугалимдер күнү», 1-декабрь СПИДке каршы күрөшүү күнү,3-декабрь мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын күнү , 4-декабрь Манас эпосунун күнү , 12-декабрь Чыңгыз Айтматовдун туулган күнүнүн 91 жылдыгы, 24-26-декабрда Балаты майрамдарына ж.б. иш чараларды өткөрүүдө жардам беришти.<br><br>Кыргыз республикасынын өндүрүштөрдө, уюмдарда, мекемелерде "ыктыярдуу өрт өчүрүүчүлөр кошунун" түзүү боюнча 1994-ж. 19-декабрынын №858 токтомуна ылайык "ыктыярдуу өрт өчүрүүчүлөр кошуну" түзүлдү:<br>- Кошунун жетекчиси – мектептин чаба |

| | | |
|---|---|---|
| 9 | | башчысы Мамыргожоева Г.С.;<br>- Куткаруучу группанын жетекчиси – дене тарбия мугалими Токбергенов Э.И.;<br>- Байланыш бөлүмүнүн жетекчиси – химия хим-биолог мугалими Аксаамаев М.С.;<br>- Санитардык кызматкери – мектеп директору Койлубаева С.М.;<br>- Административдик залга, ашканага, жыйын жана спорт залга жооптуу – мектептин соц.педагогу Алабачаева К.К.;<br>- Жаш өрт өчүрүүчүлөр коому – Саатбеков Эрик, Асылбек уулу Эрлан, Джапаркулов Актан, Асанкулов Ильгиз, Тарасбек уулу Бахтияр, Болотов Сеит, Рыспек уулу Нурдин, Усенов Эржан. Буранов Фейзул, Бакиров Нурсултан. |
| 8 | Ата-энелер коомчулугу менен иштөө | - Ар бир класстын окуучуларынын ата-энелер комитети түзүлгөн алардын саны даярдоо класстары менен 17 кл.комплектте 51 ата-эне мүчө (сентябрь 2019-ж. тарбия башчысы);<br>- Ар бир класста ай сайын класстык ата-энелер чогулушу өткөрүлүп турду ( сентябрь-декабрь. класс жетекчилер) ;<br>- Мектеп коридорунда "Ата-энелер сиздер үчүн" деген стенд уюштурулган, анда мектеп жөнүндөгү мыйзамдар, буйруктар ж.б.керектүү маалыматтар берилген<br>-үй –бүлөнү таануу,ага тиешелүү түрдүү иш аракеттерди уюштуруп, балдардын өнүгүүсүнө жана ийгилигине салым кошуу үчүн ата-энелер менен бирдикте иштөөгө чакыруу, пландар түзүү менен.<br>мектепте уюшулган түрдүү тарбиялык иштерге ата-энелерди дайыма тартып туруу.<br>- Жаңы 2020-жылдык Балаты майрамын уюштуруп өткөрүүгө 10-класстын окуучулары класс жетекчиси Тойчубаева С. менен бирдикте жаңы жылдык сценарий түзүп,жогорку деңгээлде өткөрүштү.Айыл өкмөтү майрамдык 2000 сомдук таттууларды алып беришти (24-26-декабрь администрация); |
| 9 | Мугалимдер жамааты менен | Мугалимдик кесиптин өзгөчөлүгүн жана жоопкерчилигин толук түшүнүп, |

| | | |
|---|---|---|
| | иштөө | башкаларга жардамдашуу. Мугалимдин укугу жана жоопкерчилиги тууралуу нормативдик документтерди окуу жана ага карата мамиле кылуу. Жаш мугалимдерге ар тараптан жардам көрсөтүп турулду. Өспүрүмдөрдүн жаш өзгөчөлүгүнө карата кандай мамиле кылуу керектигин түшүндүрүү максатында тегерек столдор уюштурулду. Ошондой эле жаш мугалимдерге насаатчылар тарабынан жардам көрсөтүлүп турду. |
| 10 | Класс жетекчилер менен иштөө | Класс жетекчи жалпы билим берүүчү орто мектептерде окуучулар коллективинин класстагы жана класстан тышкаркы окуу-тарбия иштерин уюштуруп, иш жүзүнө ашырууну аркалаган тажрыйбалуу мугалимдердин ичинен тандалган мугалим. Класс жетекчилерди тарификациядан өткөрүү менен класстарга дайындалат. Класс жетекчилер окуучулар менен иштөөдөгү тарбиялык пландарды түзүп, ошонун негизинде иш алып барышат. Класс жетекчилер классындагы окуучулардын окуудан начар окугандардын ата-энелери менен маек жүргүзүү менен себептерин аныктоо.<br>Окуудан көп калган б.а. сабактан начарлоонун бир себеби болгон , окуучулар менен класс жетекчилер ар дайым иш алып барып турушту. |
| 11 | Класс жетекчилердин ар тараптуу багыттагы аткарылган иштери, ишмерчиликтери боюнча мониторинг түзүлүп турду. | |
| 12 | Окуучулардын өмүрүн жана ден соолугун камсыздоо маселелери боюнча | Окуу жылынын башталышында комплекстүү медициналык кароо бардык класстардын ар бир окуучусуна жүргүзүлдү (сентябрь 2019-ж.жооптуулар Буденовка-Кеңеш үй бүлөөлүк врачтарынын тобу, класс жетекчилер)<br>Мектептин айланасында, мектеп ичинде санитардык-гигиеналык нормаларды сактоо иши жүргүзүлдү (жоопткуулар: тарбия башчысы, чарба башчысы)<br>-балдардын жаш курактык жана физиологиялык өзгөчөлүгүнө жараша класстарда эмеректер (парта стулдар) |

| | | |
|---|---|---|
| | | маркировкаланып коюлду. (сентябрь 2019-ж. жооптуулар: чарба башчысы , класс жетекчилер);<br>-класс кабинеттерде , мектеп айланасында жашылдандыруу иштери , айлана чөйрөнү тазалоо ишембиликтери жүргүзүлдү (жооптуу тарбия башчысы, класс жетекчилер, чарба башчысы);<br>-мектеп ичинде:класс кабинеттерде электр жарыгын берүү иштери дайыма көзөмөлдөө болду (жооптуу чарба башчысы, электрик, класс жетекчилер, профсоюз комитетинин мүчөлөрү);<br>- Кеңеш амбулаториясынын мед айымдары менен жолугушуу сентябрь, ноябрь ,декабрь айларында жүргүзүлдү. Ал жолугушууда жугуштуу тери оорулары, сасык тумоо, гепатит оорулары, өздүк гигиенаны сактоо боюнча лекция талкуу кылынды;<br>- СПИДке,малярияга,гепатитке, бруцеллозго, наркоманияга жана башка оорулардын алдын алуу иштери тарбиялык сааттарда,кыргыз тили, орус тили сабактарында жат жазуу иштери алынуу менен жүргүзүлдү (жооптуу тарбия башчысы, класс жетекчилер, кыргыз тили, орус тили мугалимдери);<br>- Ар жуманын  ишемби күндөрү «Ден соолук күнү» өткөрүлүп турду: анда футбол, баскетбол, волейбол оюндары жүргүзүлдү (жооптуу тарбия башчысы, класс жетекчилер, дене тарбия мугалими);<br>- Класстык жана ата-энелер чогулушунда балдардын ден соолугун коргоо боюнча аңгеме-маек өткөрүлүп турду (жооптуу тарбия башчысы, класс жетекчилер);<br>- «Зоонөздук дарттардын» (жаныбарлардан жугуучу) алдын алуу чаралары жөнүндө класстык сааттар октябрь-декабрь айларында 3-4-5-6-7-8-9-10-класстарында окуучуларга өткөрүлдү. Анда «Бруцеллез», «Сибирь кулгунасы», «Кутурма», «Эхинококноз» оорулары жөнүндө кеңири маалыматтар берилди. (жооптуу тарбия башчысы, класс жетекчилер); |

| | | |
|---|---|---|
| | | 3. ВИЧ/СПИД эпидемиясын эске алуу учүн анын социалдык-экономикалык кесепеттерин алдын алуу боюнча КРнын мамлекеттик планын ишке ашыруу<br>Жогорудагы мамлекеттик планды ишке ашыруу максатында төмөндөгүдөй иштер аткарылды:<br>-ВИЧ/СПИД жана жыныстык, инфекциялык жолдор менен өткөн жугуштуу оорулардын көйгөйлөрү боюнча тематикалык иш чаралар (класстык сааттар, жат жазуулар, суроо жооп жана кароо сынак кечелери) өткөрүлдү (жооптуу тарбия башчысы, класс жетекчилер);<br>-«Биз ВИЧ/СПИДке каршыбыз!» деген темада плакаттар,сүрөттөр конкурсу, кароо-сынак 7-10-класстардын окуучулары менен театрлаштырылган кароо –сынак 29-ноябрда мектепте өткөрүлүп 1-орунду 10-класс,2-орунду 7-класс, 3-орунду 8-класстар алышты.<br>4. 2020-жылдын пандемиясына айланган COVID-19 илдетинин жайылуусун алдын алуу максатында, распиратордук вирустук катуу инфекцияларды алдын алуу жөнүндө Ысык-Ата РБББнын 28.01.2020-ж. №5 буйругунун негизинде аткарылган иш чаралар:<br>- окуучулардын сабакка катышуусунун мониторинги жүргүзүлүп, РБББга маалымат берилип турду;<br>- класс жетекчилер менен АДКнын мүчөлөрү класстык сааттарды өтүштү;<br>- окуучулар арасында өздүк гигиена эрежелерин (температуралык режим, колду жууп тамактануу режимин) сактоо үчүн шарт түзүлгөн;<br>- окуучулардын катышуусу менен коомдук иш чараларды өткөрүү убактылуу чектелген. |
| 13 | Окуучулардын ортосундагы карым –катнаштар кыйналуусунан | Окуучулардын ортосундагы карым-катнаштар боюнча аткарылган иш чаралар: ар бир класс жетекчи жана предметтик мугалимдер окуучулардын ортосунда |

| | | |
|---|---|---|
| | чыккан маселелелерди оң тарапка чечүү маселелери,класстын окуучулары үчүн тобекелдик аймактарды аныктоо | келишпестик, чыр чатактар болуп калса, өз учурунда чечүүгө аракет көрүлүп турду. Ар бир ай сайын тобокелдик аймактарда окуучулар үчүн рейддер жүргүзүлүп турду. Ай сайын тегерек (круглый) стол өткөрүлүп турду. Ал жерде окуучулардын жүрүм-туруму, бир-бирине болгон мамилелер жана ошондой сыяктуу маселелер чечилип жатты. Эркек балдардын өзүнчө кеңешинде рэкет темасы абдан катуу талкууланып, рэкетти алдын алуу иштери жүргүзүлүп жатты. Кыздардын кенешинде бири-биринин арасында чыр-чатактарды алдын алуусу талкууланып турду. |
| 14 | Окуучулар жана жалпы билим берүү үчүн кошумча программалар (кружоктор) | 1. Окуучуларга спорттук секциялар, кызыкчылыгына карата акысыз комуз, баскетбол, волейбол кружоктору уюштурулуп, аларга төмөндөгүдөй окуучулардын катышуусу камтылды:<br>- «Нур-Кенеш» комуз кружогу -25 окуучу, жетекчиси Жаманкулов К.Ж.<br>Жыл сайын Сары-Өзөн чолпондору сынагына активдүү катышып келишет.<br>- Баскетбол, волейбол кружокторуна 30 окуучу, жетекчиси Токбергенов Э.И.<br>Жыл сайын өткөрүлүүчү мектептер арасындагы спартакиадага активдүү катышып, байгелүү орундарга ээ болуп жатышты.<br>2.Ата-энелердин жана айыл өкмөттүн каржылоосу менен:<br>- Күрөш кружогу – 20 окуучу, жетекчиси Качкынбаев Руслан Таласбекович.<br>Ай сайын райондук жана облусттук мелдештерге барып байгелүү орун<br>- Футбол кружогунда -30 окуучу, жетекчиси Элеманов Тойчубек Джекшенович жетектейт;<br>-Бий кружогу - 20 окуучу, жетекчиси Солтобаева Диана Халитовна.<br>Бардыгы 6 ийрим, аларда 110 окуучу катышышат. |
| 15 | Окуучулардын компетенттүүлүгү | Окуучулардын жекече өзгөчөлүктөрүн эске алып ,анын жөндөмүн, кызыгуусун, |

| | | |
|---|---|---|
| | боюнча | үйрөнүү өзгөчөлүгүн билип, урмат менен мамиле кылуу. Ар бир окуучунун эмнеге кызыгаарын, ага эмне керек экендигин билүү. Окуучуларды багыттап, кеп-кеңеш бере билүү. Окуучулардын жаш курактарына , жөндөмдүүлүктөрүнө жараша методдорду жана технологияларды колдонуу. |
| 16 | Класс жетекчинин рефлекциясы маселеси боюнча | Мектептеги тарбиялык иштерди жакшыртуу максатында тарбиялоо-бул инсандын максат багыттуу жана аң сезимдүү түрдө уюштурулган социалдашуу процесси, адамдын инсандык өнүгүүнүн эң маанилүү компоненттери катары социалдык жана руханий мамилелердин калыптануусун камтыйт. Класс жетекчинин сапаттуу ишинин натыйжасы-бул окуучулардын аң сезиминдеги жана жүрүм- турумундагы оң өзгөрүүлөр.1-10-класстын окуучуларынын жаш өзгөчөлүктөрүнө карата класс жетекчилер ар тараптуу багытта тарбиялык класстык сааттарды уюштурушту.Мисалы: «Мекеним-алтын бешигим», «Жоомарттыкта жана кайрымдуулукта шаркырап аккан суудай бол», «Боорукердикте жана мээримдүүлүктө жадырап тийген күндөй бол», «Токтоолукта жана жөнөкөйлүктө көтөрүмдүү жердей бол» , «Билим башаты-мугалим», «Өз катаңды оңдой бил», «Карынын кебин капка сал», «Ата-бабалардын адамдык касиеттери», «Рэкетчилик-бул жаман адат», «Жашоо деген эмне? Жашоодо максат коё бил», «Алтын апам –ардагым», «Ак эмгектин ийгилиги баалуу», «Кулк мүнөзүбүздү билебизби?» , «Айлана –чөйрөңдү тааный бил» ж.б. темалардагы класстык сааттар өткөрүлдү. |
| 17 | Класс жетекчилердин методикалык бирикмеси | Класс жетекчилердин метод бирикмесинин иш планы сентябрь айында түзүлүп, бекитилген.Өткон жылдын иштерине анализ берилди.Ар бир класстын класс жетекчилери такталып, алардын иштей |

| | | |
|---|---|---|
| | | турган иштери, милдеттери түшүндүрүлдү. Ар бир класс жетекчи бекитилген иш план менен жыл бою иш алып барышты жана иштердин жыйынтыгы педагогигалык , усулдук кеңешинде, өндүрүштүк кеңешмеде каралып өттү. |
| 18 | Аралыктан (онлайн) окутуу | 2019-2020-окуу жылынын 4-чейреги аралыктан окутуу болуп өттү. Ал мезгилде класс жетекчилер окуучуларга тарбия берүү жана COVID-19 илдетин алдын алуу максатында класстык сааттарды өтүштү. Ал эми ата-энелерге балдарды ошондой кырдаалда тарбия берүү жөнүндө кеңештер айтылды.<br>“Акыркы коңгуроо” аземи онлайн форматта өтүлдү. Куттуктоо сөздөрүн Ысык-Ата райондук мамлекеттик администрациясынын өкүлү Мусакожо уулу Райымбек, Ысык-Ата райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысы Иманалиев Болот Токтоналиевич, ардагер мугалимдер Иманкулова Батма Жуматаевна жана Аксаамаев Мусакожо Сеитович, ата-энелер Абылгазиева Гулимкан Токсонбаевна жана Тойчубаева Гульзада Тилевалдиевна, мектеп директору Койлубаева Санаркуль Мусаевна, мектеп директорунун окуу-тарбия иштери боюнча орун басары Абдыкеева Гульнур Ишенбековна. 1-а жана 1-б класстын окуучулары 9-класстын бүтүрүүчүлөрү ырларын айтышты. 9-класстын бүтүрүүчүлөрү мугалимдерге ыр саптарын айтышып куттукташты.<br><br>Онлайн окутуу убагында мектептин окуучулары ар кандай онлайн сынактарга активдүү катышып, дипломдор менен сыйланышты. |

Мектеп директору: Койлубаева С.М.

Директордун тарбия

иштери боюнча орун басары: Токбергенов Э.И.